10.09.2021-жылдагы
№1 пед. Кеңештин чечими
менен кабыл алынды.

"Бекитемин"
Мектеп директору:
_______Турусбеков Данияр.

**С. Чокморов атындагы ЖББ орто мектеби**

## АПЕЛЛЯЦИЯЛАРДЫ КАБЫЛ АЛУУ ЖАНА КАРАП ЧЫГУУ ЖОБОСУ

1. Талаш-тартыш Комиссиясы(ТК) жалпы билим берүү уюмунун буйругу менен 5 адамдан турган курамдан түзүлөт.ТКнын курамына билим берүү мамлекеттик башкаруу органдарынын өкүлдөрү,директор,камкордук кеңештин ата-энелер коомчулугунун мүчөлөрү тартылат.ПК нын мүчөлөрү ТК курамына кирбейт.

2. ТКнын иштөө тартиби,курамы жана ыйгарым укуктары тарабынан ЖМАнын башталышына бир жума калган убакытта аныкталат,сайтка жайгаштырылат жана окуучуларга,ата-энелерге(аларды алмаштыруучу жактарга)маалымат жеткирилет.

3. Окуучулар ЖБУнун директорунун наамына коюлган баалар менен макул эместиги тууралуу арызы менен кайрылышат.ЖБУнун директору арызды ТКга дароо киргизет.

4. ТК окуучулардын жана алардын ата-энелеринин(аларды алмаштыруучу жактардын арыздарын кабыл алат жана карайт;аппеляцияны канааттандыруу же четке кагуу жөнүндө чечим кабыл алат;кабыл алган чечим тууралуу окуучуга жана (же)анын ата-энесине (аларды алмаштыруучу жактарга),ошондой эле ПКга маалымат берет.

5. ТКнын чечимдери протоколдор менен бекитилет.

6. Өз функцияларын аткаруу максатында ТК жалпы билим берүү уюмдардан керектүү документтерге,маалыматтарга жана ПКнын текшерүү протоколдоруна сурам жиберет.

7. Апелляцияны кароо учурунда ТКнын отурумуна каалоосу боюнча окуучулар (же) алардын ата-энелери(же аларды алмаштыруучу жактар),ПКнын мүчөлөрү катыша алат.апелляцияны кароо адеп-ахлак ченемдерин сактоо менен,тынч жана ак дилдүү жагымдуу жагдайда өткөрүлөт.

8. Окуучу коюлган жыйынтыктоочу баа менен макул эместиги тууралуу арызын ЖМАнын жыйынтыктары менен таанышкандан кийин,бир күндөн кечикпей жибериши керек.

9. ТК апелляцияны кароо учурунда төмөнкү эки чечимдин бирин кабыл алат:

-апелляцияны четке кагуу

-апелляцияны канааттандыруу жөнүндө

10. Текшерүүнүн жыйынтыктары корутунду түрүндө жазылат.

Апелляция жана корутунду түрүндө жазылган текшерүүнү жыйынтыктары ошол эле күнү ЖБУга жиберилип,окуучуларга жана алардын ата-энелерине(аларды алмаштыруучу жактарга) маалымдалат.

## Артыкчылык көргөзгөн бүтүрүүчүлөрдү сыйлоо

1.Бир же бир нече предметтерди өздөштүрүүдө өзгөчө жетишкендиктерге ээ болгон 9-11-класстардын окуучулары “Айрым предметтерди өздөштүрүүдөгү өзгөчо жетишкендиктери үчүн”Мактоо баракчасы менен сыйланат.

2.Бүтүрүүчүлөрдү “Айрым предметтерди өздөштүрүүдөгү өзгөчө жетишкендиктери үчүн”Мактоо баракчасы менен сыйлоо чечими ЖБУнун педагогикалык кеңеши тарабынан кабыл алынат.

3.Билими тууралуу документти жана “Айрым предметтерди өздөштүрүүдөгү өзгөчө жетишкендиктери үчүн”Мактоо баракчасы бүтүрүүчүлөргө тапшырылат.